УДК: 371, 32(575,2)(043,3)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-153-157

**Атабекова Б. Я.**
Баткен мамлекеттик университети, Кызыл-Кыя гуманитардык- педагогикалык институту
**Атабекова Б.Я.**
Баткенский государственный университет, Кызыл-Кийский гуманитарно педагогический институт
**Atabekovaю B.Y.**
Batken State University, Kyzyl-Kiya Humanitarian and Pedagogical Institute

# КЫРГЫЗ ТИЛИН САНАРИПТИК НЕГИЗДЕ ОКУТУУДА ПАЙДАЛАНЫП ЖАТКАН АКЫРКЫ ҮЛГҮДӨГҮ ОКУУ КИТЕПТЕРИ, ОКУУ КУРАЛДАРЫ, ПРОГРАММАЛАР
# НОВЕЙШИЕ МОДЕЛИ УЧЕБНИКОВ, УЧЕБНЫХ СРЕДСТВ, ПРОГРАММ, ИСПОЛЬЗУЕМЫХ В ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ НА ЦИФРОВОЙ ОСНОВЕ
# THE LATEST MODELS OF TEXT BOOKS, LEARNING TOOLS, PROGRAMS USED IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE ON A DIGITAL BASIS

**Аннотация*:*** Бул макалада кыргыз тилин санариптик негизде окутууда пайдаланып жаткан акыркы үлгүдөгү окуу китептери, окуу куралдары, программаларын заман талабына ылайык, коом күткөндөй, турмушта ишке ашыруунун формалары, кадамдарын сунуштоо маселелери боюнча сөз болмокчу. Ааламдашуу доорундагы кыргыз тилин санариптик негизде окутуунун ыңгайлуулуктары, каралып чыкты.

**Аннотация:** В данной статье речь пойдет о вопросах предложения форм и этапов внедрения новейших учебников, учебников и программ, которые используются в обучении кыргызскому языку на цифровой основе в соответствии с потребностями времени, как этого ожидает общество. Рассмотрены удобства обучения кыргызскому языку на цифровой основе в эпоху глобализации.

**Abstract:** This article will focus on the issues of offering forms and stages of implementation of the latest textbooks, textbooks and programs that are used in teaching the Kyrgyz language on a digital basis in accordance with the needs of the time, as society expects. The convenience of teaching the Kyrgyz language on a digital basis in the era of globalization is considered.

**Негизги сөздөр:** Санарип, технология, коом, окуп үйрөнүү, электрондук, маалымат, чөйрө.

**Ключевые слова:** цифровые, технологии, общество, обучение, электронная, информация, среда.

**Keywords:** digital, technologies, society, education, electronic, information, environment.

Соңку мезгилде, коом күн сайын өнүгүп, өзгөрүүдө. 21-кылым маалыматтык технологиялардын өнүгүшү аркылуу адамзаттын жашоосунун бардык чөйрөсүдө жаңылыктар кирип, санариптештирүүнүн күч алган мезгили келди. Санариптештирүү эскиден жаңыга карай кадам деп түшүнсөк болот Санариптештирүү бул санарип технологияларын жашоонун ар тармактарына киргизүү. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө санариптештирүү тез өнүгүү менен бирге маалымат технологияларынын, микроэлектроника

жана коммуникациянын жайылышы менен толукталууда. Турмушта санариптештирүү процессинин негизин интернет байланыштары аркылуу түрдүү маалыматтарды берүү гаджеттер аркылуу ишке ашырылат. Учурда санарип технологиялар өлкөбүздө ар тараптан курчап, кирип келди. Үйдө, мекеме- ишканаларда, билим берүү тармактарында ж.б.

Билим берүү тармактарында кеңири колдонууга алынып, окуу процессин эффективдүүрөөк кылуу максатында санарип технологиялары колдонууда. Анын ичинен кыргыз тилин санариптик негизде пайдаланып жаткан акыркы үлгүдөгү окуу китептери, окуу куралдары, программалары күн санап, илим изилдөөчүлөр тарабынан жаңылануу менен жарыкка чыгып, курчуй баштады десем жаңылышпайм. Кыргыз тилин окутуудагы; "Окутуунун жаңы технологиялары", электрондук китептер топтомдору ошондой эле жаңы адабияттар жеткиликтүү болуусу үчүн кошумча колдонмо дисктери менен чыгарылып жатат. Акыркы үлгүдөгү окуу китептери баштапкыдай пассивдүү информациянын жыйындысынан, активдүү системага айланып, окуучунун өзүнүн рухий жактан инсан болуп, жетилүүсүнө адеп-ахлактык өнүгүүсүн калыптандырууда жаңы муун кабыл ала турган, гаджеттер менен иштөөдөгү дүйнөлүк маалыматтарды да өздөштүрүп, логикалык ой жүгүртүүсүн талап кылган, тил маданиятынын калыптанышына таасир этип, натыйжага жеткирүүнү көздөгөн китептер чыгарылып жатат.

Андыктан билим берүүдө да өнүгүү, жаңычылдыктарын киргизүү муктаждыгы келип чыкты. Коом өнүккөн сайын билим алуу эл арасында күндөн- күнгө активдүүлүгүн көрсөтүп, өспүрүм баладан тартып, жаштардын арасында билимге болгон муктаждык арышын жайууда. Кыргыз тилин окутуп, үйрөтүүнү санариптик негизде ишке ашыруу зарылчылыгы билим берүү тармагындагы негизги көйгөйлөрдөн. Окутуунун традициялуу моделинен чыгып, жаңыча багытта компетенттүүлүккө карай багыт алуу биринчи планга чыгыш керек. Билим берүү процессинде коомдо күн санап өзгөрүүлөр жүрүп жаткан убакта интерактивдүү методдорду, жаңы технологияларды киргизүү, жаңыртуу үчүн реформалоо зарылдыгы ишке ашыш керек. Келечектеги адисттерди чоң талаптагы конкуренция күтүп тураарын учур көрсөтүп турат. Замандын мүнөт сайын өнүгүп жаткан учурунан артта калбоо максатында жаш адисттер тынымсыз өзүнүн үстүнөн иштеп туруу керек. Биз даярдап жаткан кесип ээлери ошол атаандашууда ийгилик жаратуу менен жеңип чыга ала турган болуусу абзел. Андыктан заман талабындагы окутуу кезеги келди. Жогорку окуу жайларда, кесиптик билим берүүдө окутуунун жаңыча методикаларын, технологияларын, ыкмаларын чыгармачылык багытка бурууда, интерактивдүү методдорду технологиянын жардамы менен колдонуу талап кылынууда. Теориядан алган билимдерин практикада колдоно аларын айгинелөө үчүн өтүлгөн теманы бышыктоодо кахут, зипгрейд, мой тест, мулти урок, куизис программаларынын жардамы менен тест алуу заман талабындагы кайтарым байланышка чыгаруу болуп эсептелет. Сабактан алган билимдерин өз ара аракеттенүү менен көйгөйлөрдү чечип, талкуугa катыша алат. Интерактивдүү методдун багыты, фосилитатаор тарабынан берилген маалыматка эле таянбастан, студент жоопту өз алдынча табуу ыкмасы болуп эсептелет. Электрондук доскалар менен өтүлгөн сабак, студентти шыктандыруу менен өз билимин өркүндөтүп, билим берүүдө өз натыйжасын берет.

Кыргыз тилин окутуудагы санариптик жана медиа- сабаттуулугун жогорулатуу үчүн билим берүү стандарттарын жаңылап жакшыртуубуз керек. 10-20 жыл мурда түзүлгөн программанын негизинде учурдагы муунду окутуп, тарбиялоодо бир топ артка кетенчиктейбиз деп ойлойм.

Азыркы муун түшүнүгүндө эски стандарттын негизинде түзүлгөн окуу китептериндеги көндүмдөрүнүн жеңил берилүүсү окуучуну шыктандыра албайт. Кыргыз тилин окутууда өз тилибизди өгөйлөп, чет тилдүү бала бакчаны тандап, жаштардагы кызыгуунун жоголуп бара жаткандыгы да мына ушунда. Эне тилибиздеги китептерди турмуштун реалдуу көрүнүштөрүнөн таасирдүү кылып жазылып, электрондук форматка өткөрүп, келечек муундун кабыл алуусу кайсы тарапка бара жатат, ошол маселеге таянып гаджеттер менен окууну кабыл алуучулар да бар, аудио уктуруу форматтарын да киргизүү замандын санариптик окуу китептерин киргизүүнү сунуштап кетээр элем.

Бүгүнкү күндүн балдарына китеп окутуу абдан кыйын дейбиз. Китеп каналарга барып, изденген муун жок, тыйын коротуп, окууну каалабайт. Убакытты китеп үчүн бөлгөн окуучу саналуу гана. Мындай көрүнүш менен кете берүү улуттун билим маданиятынан аксоо болот. Кенедей баладан тартып, улуу муунга чейин смартфондорду колдон түшүрбөй пайдаланып жатабыз. Смартфондор менен төрөлгөн муун үчүн электрондук китеп пайдалануу ыңгайлуу. Ижара акы төлөмү жок же болбосо сатып албайт, издөө үчүн убакыт коротпойт. Керектүү маалыматты каалаган убакытта, шартта таап пайдалана алат. Балага өзгөчө изденүүдө да гаджет аркылуу жооп берүүнү өнөкөт болуп калганын практикада учуратып жатабыз. Жеке оюмда, электрондук форматтагы китептпердин жаралганы балага жакшы жардамы тиет. Жаңы китептердин жаралуусунда да ар бир китептин сыртына электрондук варианттын сыры жашырылган QR cod. коюлса каалоочулар аудио уктурууну, видеолук слайддарды пайдаланууга мүмкүн болмок.

Учурда бир канча сайттар ачылып, китептер бир аз да болсо санариптик багытка кадам койгон авторлордун китептери, басылмалары бар. Мисалга айта кетсек : Электрондук китептерди жайгаштырган сайттар өнүгүп жатат. Okuma kg;[ Т.Садыков. “Азыркы кыргыз тили” Морфология -Бишкек 1997,-296б. А.Иманов Кргыз тилинин синтаксиси-Бишкек, 2009,-420 б. Э.Абдуллаев “Азыркы кыргыз тили” -Бишкек,1997,-328 б. С.К. Рысбаев “Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жна практикалык маселелери.-Бишкек, 2014-312 б. И.М.Жороев “Тил илимине киришүү” Ош ,2014,-161б ]

Учурдун балдары салттуу кагаз китептердин жактоочулары балдарды окуудан алыстап, электрондук түзүлүштөгү китептерди окуп жатат деп үрөйү учат. Муундун талабына карап алгылыктуу ишти жасоо керек. Эгерде бала китеп окуудан баш тартса, анда эмне үчүн аны заманбап технологияны колдонуп окутууга да көңүл бөлүп зарыл. Баланын китеп окуудан артка чегинип кетүүсүнөн, алардын адабий чыгармадагы каармандардын жашоосу менен өзүнүн визуалдык жашоосуна алып келүү көз карашы менен жашоого тарбиялоо да жакшы маңызды түзөт эмеспи? Z муундун балдары смартфондордун жардамы менен жашаган жан дүйнөдөгү балдар экенин унутпайлы...

Албетте, кичинекей окурман жөнүндө сөз болгондо, биз кагаз китептин барактарына ийилген баланы элестетебиз. Бирок технология чоң кишилердин окуусуна кандай таасир этсе, балдардын окуусу дагы ошондой. Батыш изилдөөчүлөрү мындай деп айтышат: мектептерде балдарды кагаз китептер менен эмес, электрондук түзүлүштөр менен көбүрөөк көрүүгө болот. Жана көптөгөн ата -энелер балдардын гаджеттердин экранында көп убакыт өткөрүшүнөн тынчсызданышса дагы, көпчүлүгү прагматикалык түрдө ойлонушат: балдарды окууга үйрөткөн жана адабият менен баарлашуудан ырахат алган нерсенин баары жакшы. Китеп баланын колуна кандай форматта түшпөсүн.

Бирок компьютерсиз дүйнөнү билбеген балдар экрандан окуу жөнүндө эмне де ойлошот, кандай кабыл алышат? Бул ушунчалык зыяндуубу, эгер ошондой болсо, алар өздөрү кантип китеп окууну каалашат?

Ооба, балдар электрондук китептердин артыкчылыктарын жакшы көрүшөт-мисалы, сөздүк функциясы (сиз сөздүн маанисин бат эле көрө аласыз), көптөгөн романдарды жана аңгемелерди гаджетке сактоо жөндөмү жана бул такыр кыйын эмес. сүйүктүү китептериңизди өзүңүз менен алып жүрүшүңүз керек болчу.

Бирок көпчүлүк балдарга кагаздан жасалган китептердин жыты, барактарды ачуудагы сезим жана китепти физикалык түрдө колуна кармоо жөндөмү жагат экен. Көрсө, балдар мукабасы боюнча китептерди тандап, канча баракты окуп бүткөнүн көргөндү жакшы көрүшөт экен. Бир сөз менен айтканда, балдар, чоң кишилер сыяктуу, кээ бир шарттарда электрондук китептерди окуганды жакшы көрүшөт, башкаларында-кагаз.
[The National Literacy Trust Америка өлкөлөрүндөгү акыркы изилдөө балдар электрондук китептерди оң кабыл алаарын, ал эми окуган кыздар менен балдар тезирээк өнүгүп жаткандыгын көрсөттү. Долбоордун менеджери Айрин Пиктон дагы башка байкоолору менен бөлүштү]. Учурда китеп окууну жактырган балдардын арасында, заманбап технологияларды колдонуп окугандардын саны көп пайзда болду. Балдардын эмне менен алек болуп,эмнени жактырганына көңүл буруп,ошол контенттин үстүндө иш алып баруубуз керек.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Акматов Б.М., Муканбетова, А.С, Кыргыз тилин окутуунун инновациялык технологиясы, ( теория жана практика) Бишкек.;2010, 254 б.
2. Акматов Б.М., Муканбетова, А.С., Кыргыз тилин окутуунун инновациялык технологиясы.(Теория жана практика). 1-китеп.Монография.- Б.: Полиграфресурс , 2010, -238б.
3. Акматов Б.М., Муканбетова А.С. Кыргыз тилин окутуунун инновациялык технологиясы.(Теория жана практика). 2-китеп. Монография.- Б.: Полиграф ресурс ,2010, -241б.
4. Бейшекеев Н. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында мамлекеттик тилди окутуунун айрым маселелери, // Республиканын окуу жайларында мамлекеттик тилдин колдонулушунун проблемалары тууралуу өткөрүлүүчү илимий – практикалык конференциянын баяндамаларынын тезистери, Бишкек .;1991, 103 -106–бб.
5. Бекбоев, И.Б., Алимбеков, А.А Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. [Текст] / Бекбоев И.Б., Алимбеков А.А. – Б.: Бийиктик, 2011.
6. Белицкая, Г.Э. Социальная компетенция личности // Сознание личности в кризисном обществе. М., 1995., 42–57бб.
7. Гейхман, Л.К. Интерактивное обучение общению (общепедагогический подход): дисс. доктора пед. наук. – Екатеринбург, -2003.,426 с.
8. Гендина, Н. И., Колкова, Н. И., Стародубова, Г. А., Уленко, Ю. В. Формирование информационной культуры личности: теоретическое обоснование и моделирование содержания учебной дисциплины [Текст]
9. Гендина Н.И., Колкова Н.И., Стародубова Г.А., Уленко Ю.В. - М., Межрегиональный центр библиотечного сотрудничества. 2006. – 512б.

10. Гогоберидзе, А.Г.Дошкольная педагогика с основами методик воспитания и обучения.Учебник для вузов. Стандарт третьего поколения.ГрифУМО МО РФ 2013г.
11. Гойхман, О.Я. Профессиональная коммуникативная компетентность: слагаемые эффективного общения // О.Я. Гойхман / М., 2006.
12. Гойхман,О.Я, Надеина,Т.М. Речевая коммуникация Текст.:Учебник / О.Я. Гойхман Т.М. Надеина. 2-е изд., перераб. и доп. - М.: ИНФРА-М, 2006. - (Высшее образование). - 272 б.
13. Гончарова, Н.Л. Категория «компетентность» и «компетенция» в современной образовательной парадигме // Сборник научных трудов СевКавГТУ. Серия «Гуманитарные науки». – 2007. – № 5 //
14. И .Б. Кыргыз педагогикасы – кыргыз улутунун жүзү, Бишкек.; 2010, 432 б.

УДК:81.243.(575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-157-161

**Исеналиева Н.А., Кулманбетова Н. Ж., Чотиева М. Д.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2,3]
**Исеналиева Н.А., Кулманбетова Н. Ж., Чотиева М. Д.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2,3]
**Isenalieva N.A., Kulmanbetova N.Zh.,Chotieva M.D.**
KNU J. Balasagyn[1,2,3]

ORCID: 0009-0002-0287-7175 [1]

## ЧЕТ ТИЛИН ОКУТУУДА ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ
## СОВРЕМЕННЫЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕ ТЕХНОЛОГИИ ПРЕПОДАВАНИЯ ИНОСТРАННОГО ЯЗЫКА
## MODERN EDUCATIONAL TECHNOLOGIES IN TEACHING OF FOREIGN LANGUAGE

**Аннотация:** Бул макалада азыркы этапта англис тилин окутууда жаңы заманбап билим берүү технологияларын колдонуунун ролу каралат. Бул билим берүүнү модернизациялоонун шарттарында азыркы учурда окутуу методикасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат, анткени заманбап технологияларды колдонуу шартында окутуу процесси натыйжалуу жана инсанга багытталган болуп калат.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается роль использования новых современных образовательных технологий в преподавании английского языка на современном этапе. Это является неотъемлемой частью в методике преподавания в настоящее время в условиях модернизации образования, так как при условии применения современных технологий процесс обучения становится более эффективным и личностно-ориентированным.

**Abstract:** This article examines the role of using new modern educational technologies in teaching English. This is an integral part of teaching methodology currently in the context of modernization of education, as with the use of modern technologies, the learning process becomes more effective and personality-oriented.